# № 1 ТОКТОМУ

___.09.21-ж.
Катышкандар:
Күн  тартибинде

К.Дербишев атындагы Талды-Булак орто мектеби
Ата-энелер    64

1.2021-2022-жаңы окуу жылына карата мектептин даярдыгы
2. Ата-энелер комитетин түзүү жана бекитүү
3. Башталгыч класстардын тамактануусу боюнча маалымат
4.Кезектеги иштер

1-маселе
Угулду:

Директор: Өмүркулова А.С.
Саламатсыздарбы урматтуу ата-энелер. Быйылкы окуу жылынын бизди кубандырганы реалдуу режимде окуп жатканыбыз. Эки жылдан бери балдарыбызды онлайн түрүндө окутуп, бардыгыбыз мектепти сагынып калдык. Ошондуктан баарыңыздарды жаңы окуу жылы менен куттуктайм.

Мектепте өзүңүздөр баамдагандай алгылыктуу иштер жүргүзүлгөн десем жаңылбайм. Мектептин 20 жылдыктары келип Мерсико тарабынан окуучуларга алынып берилген аристон жана кол жуугучтарды орнотуп беришти. Андан сырткары айыл өкмөтү тарабынан уюштурулуп мектептин тышкы шыбагы, эшик, терезелери которулуп мектептин ичи бир кыйла жаңыланып калды. Кээ бир класстарга ата-энелердин демилгеси менен жаңы терезе пардаларды алып бердиниздер. Сиздердин колдооңуздардын негизинде быйылкы окуу жылына даярдык эң жакшы деңгээлде уюштурулду десем жаңылышпайм.
Сиздерге жана жалпы демөөрчүлөргө ыраазычылык билдирем.

2-маселе
Окуу бөлүмүнүн башчысы: Смаилова Ш.А.

Урматтуу ата-энелер ар жылы ата-энелер комитети жаңы курам менен иш алып барып келебиз.быйылкы окуу жылында да Сиздердин колдооңуздар менен жаңы курам түзүп алалы. Сиздер билгендей эле мектепте иш-аракеттер ата-энесиз жүргүзүлбөйт. Ашкананын ысык тамак уюштурулушуна дагы сиздер көмөкчүсүздөр. Быйылкы окуу жылында дагы өткөн окуу жылындагыдай иштеген ата-энелердин курамы керек.

Ата-энелерден: Эрлан
Ооба кымбаттуу ата-энелер балдарыбыздын жакшы окушуна жана ден соолугунун чың болушуна биз ар дайым кам көрүп турушубуз абзел. Андыктан колдон келген жардамыбызды аябайлы. Ата-энелердин курамына жаштарды чакырар элем.
Ата-энелер: Ооба биз да кошулабыз.

1.11-класс Кыдырбаева Динара
10-классБегалиева Зарина
9-класс Жаркеева Салима
8-класс Бейшеналиева Бегимжан
7-класс Эмилбекова Заида
6-класс Айтыкулова Мадина
5-класс Исраилов Анарбек
4-класс  Мусаева Айзат
3-класс Касымбекова Нурзат
2-классЖумашева Жаңыл
1-класс Оморова Нарина

3-маселе
Тарбия завучу: Бектурсунова Ч.Ж.
Өткөн окуу жылында жалысынан ________окуучу ысык тамак менен камсыз болушкан. Алардын ичинен 7 окуучуга жеңилдик берилген. Алар аз камсыздандырылган жана жарым жетимдердин балдары. Буга чейин ысык тамак Мерсико уюму тарабынан уюштурулуп турган эле. Эми сиздердин жардамыңыздар менен ысык тамакты окуучуларыбызга берсек жакшы болмок.
Директор: каршы болбосоңуздар урматтуу ата-энелер

Ата-энелер
Туура, балдар эртең менен эрте үйдөн чыгышат да, тамак да ичпей кетишет. Ысык тамак ичип турганы жакшы болот эле. Ашпозчу калькуляция жасап балдарга тамак уюштуруп берсин. Биз каршы эмеспиз.
4-маселе
Үч тараптуу келишим окулуп, бардык ата-энелер тааныш болушту. Келишимге класс жетекчилер өзүнчө да тааныштырып кол койдуруп алууга жоопкерчилик алышты.

Чечим: Мектептин жаңы окуу жылына даярдыгы жакшы деп табылсын.
Ата-энелер курамы бекитилсин.
Башталгыч класстын окуучуларына ысык тамак уюштурулсун.
Ар бир ата-эне келишим менен таанышып кол коюлсун.